| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЫЗЫЛ-СУЙСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |

**“_6_” ___06___ 2023-ж №_184_** **Кызыл-Суу айылы**

**Кызыл-Суу айылдык кенешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз**

**22-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**Кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин тартипке келтирүүнүн жүрүшү жөнүндө.**

Кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин тартипке келтирүүнүн жүрүшү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн жер адиси К.Джакешовдун билдирүүсүн карап чыгып, талкуулап айылдык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1. Кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин тартипке келтирүүнүн жүрүшү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн жер адиси К.Джакешовдун билдирүүсүн эске алынсын.

2.Жети-Өгүз райондук прокуратурасынын 2023-жылдын 26-апрель айындагы №11-05 кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин ижарага алып өз убагында жергиликтүү бюджетке 319 мин 0,49 сом түшпөй калгандыгы жана өндүрүү жөнүндөгү сунушу жетекчиликке жана аткарууга алынсын. Бир айлык мөөнөттүн ичинде жыйналбаган акча каражаттарды жыйнап бюджеттке түшүрүүсүн камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

3. Кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин ижарага алган өз убагында ижара акысын төлөбөгөн жана үрөн чарбачылыгы боюнча иш кагаздары жок көп жылдык мөөнөткө алган ижарачылардын келишимдерин бузуу боюнча сотко ашыруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго тапшырылсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Эшмамбетовго милдеттендирилсин.

**Айылдык кенешинин төрайымы** **Г.Чыныбаева**